4. Сакулин П.Н. Из истории русского идеализма. Кн. В.Ф. Одоевский: Мыслитель. Писатель. Т. 1.2. М., 1913. 622 с.
5. Турьян М.А. Странная моя судьба: о жизни Владимира Федоровича Одоевского. М., 1991. 400 с.
6. Одоевский В.Ф. Сочинения: в 2 т.: Повести / Сост. и коммент. В.И. Сахарова. Т. 1. М., 1981. 365 с.
7. Одоевский В.Ф. Утро журналиста (Из записок ленивца) // Словесность. Отечественные записки. Т. 7. № 12. СПб., 1939. С. 179–208.
8. Гончаров И.А. Полное собрание сочинений и писем: в 20 т. СПб., 1997. Т. 1. 832 с.
9. Словарь языка Пушкина: в 4 т. / Отв. ред. акад. АН СССР В.В. Виноградов. 2-е изд., доп. М., 2000. 1088 с.
10. Гончаров И. А. Полн. собр. соч. и писем: В 20 т. Т. 15. СПб., 2017. 554 с.
11. Белинский В.Г. Полное собрание сочинений: В 13 т. М., 1955. Т. 9. 804 с.
12. Мерсье Л.С. Картины Парижа / пер. В. А. Барбашево и ред., коммент. Е.А. Гунста Т.2. 1936. 493 с.
13. Грибоедов А.С. Полное собрание сочинений: В 3 т. Т. 3. СПб., 2006. Т. 1. 697 с.
14. Скрипник А.В. Специфика жанра «Записок» в «Записках сумасшедшего» Н.В. Гоголя и «Сильфиде» В.Ф. Одоевского // Вестн. Том. гос. ун-та. Томск, 2008. №306. С. 15–17.
15. Маркович В.М. О лирико-символическом начале в романе Лермонтова «Герой нашего времени» // Известия АН СССР. Серия литературы и языка. Т. 40. № 4. М., 1981. С. 291–302.
16. Киселев В.С. Телеология «Сочинений князя В. Ф. Одоевского» (1844): принципы составления, композиция, жанровое целое // Вестн. Том. гос. ун-та. Филология. 2008. №2. С. 45–62.

УДК 001.8.37 (575.2)
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-185-193

**Турпанова Ж. А.**
Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык изилдөө университети
**Турпанова Ж. А.**
Кыргызский экономический исследовательский университет имени М. Рыскулбекова
**Turpanova Zh. A.**
Kyrgyz Economic Research University named after M. Ryskulbekov

## ДРАМАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУУНУН МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ, ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА УЧУРДАГЫ КӨЙГӨЙЛӨРҮ
## МЕТОДИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ, ОСОБЕННОСТИ И АКТУАЛЬНЫЕ ПРОБЛЕМЫ ОБУЧЕНИЯ ДРАМАТИЧЕСКОМУ ПРОИЗВЕДЕНИЮ
## METHODOLOGICAL BASES, FEATURES AND CURRENT PROBLEMS OF TEACHING DRAMA WORK

**Аннотация:** Бул макалада драмалык чыгармаларды окутууда колдонулган методдор менен ыкмаларды тандоодо мугалим эске алуучу жагдайлар чагылдырылган. Драмалык чыгармадагы тилдин көркөм байлыгын окуучулар түшүнүп, аларды өз кебинде колдоно

алуусу үчүн кандай кырдаал түзүү зарылдыгы айтылат. Окуучулардын оозеки жана жазуу кебин өстүрүүгө өзгөчө көңүл буруу заман талабы экендиги тууралуу кеп болот. Сабактын жүрүшүндө окутуунун ийгилигине же коюлган натыйжага жетүү үчүн конкреттүү милдеттерди чечүүгө багыттай турган алдын ала сунуштардын, принциптердин, талаптардын системасын иштеп чыгуу маселелери каралат. Автор иштелип чыккан методология окуучунун таанып-билүүсүн калыптандыруучу жана билимди өз алдынча өздөштүрүүгө аракеттенүүгө, кабыл алууга жетелеген компас катары кызмат кылышы керек деп эсептейт.

**Аннотация:** В данной статье описаны факторы, которые педагог должен учитывать при выборе методов и приемов, используемых при обучении драматическому произведению. Говорится о том, что необходимо создать ситуацию, чтобы учащиеся могли понять художественное богатство языка драматического произведения и уметь использовать его в своей речи. В настоящее время необходимо уделять особое внимание развитию устных и письменных навыков учащихся. В процессе занятия учитель должен рассмотреть вопросы разработки системы и предложений, принципов и требований, которые будут направлять решение конкретных задач на успех обучения или на достижение поставленного результата. Автор считает, что разработанная методика должна служить компасом, формирующим познание учащегося и направляющим его к самостоятельной попытке и восприятию знаний.

**Abstract:** This article describes the factors that a teacher should take into account when choosing the methods and techniques used in teaching a dramatic work. It is said that it is necessary to create a situation so that students can understand the artistic richness of the language of a dramatic work and be able to use it in their speech. Currently, it is necessary to pay special attention to the development of oral and written skills of students. In the course of the lesson, the teacher should consider the development of a system and proposals, principles and requirements that will direct the solution of specific problems to the success of education or to achieve the desired result. The author believes that the developed methodology should serve as a compass that forms the student's knowledge and guides him to an independent attempt and perception of knowledge.

**Негизги сөздөр:** методика, карама-каршылык, интерактивдүү метод, оозеки жана жазма кеп, илимий методология, таанып-билүү, философия, педагогика, образдар, таасир этүү, ой жүгүртүү, кабыл алуу, кеп байлыгын өстүрүү.

**Ключевые слова:** методология, контраст, интерактивный метод, устная и письменная речь, научная методология, познание, философия, педагогика, образы, влияние, мышление, восприятие, развитие словарного запаса.

**Keywords:** methodology, contrast, interactive method, oral and written speech, scientific methodology, cognition, philosophy, pedagogy, images, influence, thinking, perception, vocabulary development.

Биз жашаган мезгил тездик менен ааламдашууга өтүп, коомдун маалыматтуулугу ыкчамдык менен күн сайын жаңылануунун ичинде. Ааламдашуу процесстери, мезгилдин чакырыктары билим берүүгө да олуттуу таасирин тийгизүүдө. Билим берүү коом менен бирге өзгөрүп кубулушу зарыл. Анткени, заманга ылайык кесиптер, көз караштар, түшүнүктөр, билимдер да сапаттык өзгөрүүлөрдүн элегинен өтүшү шарттуу көрүнүш. Бүгүн актуалдуу болгон көйгөй, эртең башка бир өңүттөгү маселени жаратышы толук мүмкүн.

Мектепте окутуу, билим берүү, тарбия берүү, окуучулардын инсандык көз карашын калыптандыруу, билгичтиктерге, көндүмдөргө үйрөтүү жалпы жонунан өзгөрбөгөндөй көрүнгөнү менен кантип окутуу керек деген көйгөй дайыма мугалимдин оюнда турат жана

ал бир жактуу болбогону оң. Себеби, окуучу коомдогу өзгөрүүнү абдан тез кабыл алган жана аны жактаган адам. Ошондуктан ага тарыхты, элдик оозеки чыгармачылыкты, маданиятты, көркөм-эстетикалык баалуулуктарды өздөштүрүүгө кызыгууну жаратуучу үйрөтүүнүн методдорун, ыкмаларын табуу негизги проблемалардан экендиги анык.

Учурда окуучунун билими, адеп-тарбиясы, жүрүш-туруш маданияты өзгөчө маанилүү орунда экени талашсыз. Окуучулардын билимине жана тарбиясына, көркөм табитине жаңыча көз караш менен кароо, чыгармачылык менен окутуу замандын талаптарынын бири. Мына ушуга байланыштуу, драмалык чыгармаларды үйрөтүүнүн сапатын жогорулатуу, методдорду өркүндөтүү, такшалтуунун ыкмаларын жана каражаттарын жакшыртуу талаптары окутуунун теориясы менен технологиясындагы эң курч көйгөйлөрдөн. Драмалык чыгармаларды үйрөтүүдө чыгарманын сюжетин терең өздөштүрүп, адабият таануу менен тыгыз байланышта окутуу менен эле чектелбейбиз. Окуучулардын көз карашы калыптанышы үчүн окулуп жаткан чыгармалар аркылуу коом, адам, эмгек, руханий дөөлөттөр, көркөмдүк, улуттук баалуулуктардан үлгү-тарбия алууга багыттоо да маанилүү. Окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша ой жүгүртүү деңгээлин өстүрүүгө мугалимдин үзгүлтүксүз эмгеги талап кылынат. Биринчи кезекте, адабий билимдер эле эмес, ошол адабий чыгарма жазылган тилдин көркөм байлыгына көңүл буруу менен бирге аларды өз кебинде колдонууга үйрөтүү, оозеки жана жазуу кебин бирдей өркүндөтүүгө өбөлгө түзүүнү да эсибизге алганыбыз туура. Бул тууралуу окумуштуу К.Иманалиевдин: «Адабиятты окутуунун методикасы окуучулардын оозеки жана жазма кебин өстүрүү милдетин да өзүнүн алдына коёт. Окуучулардын оозеки жана жазма кебин өстүрүү ишинде адабияттын жана адабият мугалиминин айрыкча ролу бар», – деп туура белгилеген [2,8-б.]. Демек, окуучулардын жазма жана оозеки кебин өстүрүү үчүн адабий чыгармаларды окутуунун негизги максаты – улуттук тилди сактап калуу десек аша чапкандык эмес.

Бүгүнкү күндө окуучулардын кеп байлыгы канчалык деңгээлде? Эне тилибиздин алардын кебинде «жарды» колдонулушу, көркөм дөөлөтүбүз болгон тилибизди жоготуп алуу маселесин жараткан жокпу? Окуучулар эне тилинде эркин сүйлөгөн менен ой-пикирин жазууда сабаттуулугу кандай? Кеп байлыгынын көркөмдүүлүк деңгээли кандай? Кыргыз тилинин бардык мүмкүнчүлүгүн пайдалана алабы? Жыйырма жылдан берки педагогикалык байкоолордон улам, нукура кыргыз тилинде аталышы бар кадыресе колдонулуп жүргөн эле сөздөрдү окуучулар өз кебинде колдонбой, башка тилде атап, кээде жаргондорду да пайдаланарын угуп жүрөбүз. Өтмө мааниде колдонулган сөздөрдүн, фразеологизмдердин маанисин так ажырата албагандыгына күбө болуудабыз.

С.Рысбаевдин: «Эне тилинде дүйнөнү, эл-жерди таанытар, интеллектин өстүрөр, улуттук психологиясын, аң-сезимин түптөөр, улуттук намысын калыптандырар, улуттук дөөлөттөрүн үйрөтөр, эне тилинин миң түркүн табиятын билдирер, эне тилинде сөзүнүн корун көбөйтүп, кебин байытып, кеп маданиятына, чечендикке багыт берер, таалим-тарбиянын үлгүсү болор кооз, сүрөттүү китептер жана журналдар менен жетишерлик кылып мектептерибиздин китепканаларын, үйүндөгү китеп текчелерин камсыз кылып турсак, балдарыбыз кандай гана өсөр эле!», – деп айтканындай [4,13-б.], окуучуга жана мугалимге жардамчы болгон, абдан ийне-жибине чейин иштелип чыккан китептерге муктаждыгыбыз дале курч маселе.

Адабий чыгармаларды окутуу ишинде, анын ичинде драмалык чыгармаларды үйрөтүүдө, жогоруда айтылган проблемаларды чечүү актуалдуу маселелерден. Ал эми, биз кыялданган китеп колго тийип, бирок чыгармачылык чеберчилик менен изденген мугалим,

кызыгуу менен аны өздөштүргөн окуучу болбосо, ал китептин зарылдыгы болбос. Мугалимге китепти максатка ылайык пайдалануу жоопкерчилиги тургандыгы өзүнчө бир маселе. Ушул максатта, чыгармадагы каармандардын образдарын ачуу үчүн алардын кебине талдоо жүргүзүү менен бирге, аларды кыргыз тили сабагында көнүгүү катары талдоо да белгилүү иретте алдыга жылуунун кадамы боло алат деп ишенебиз.

Каармандардын диалогдорунан, монологдорунан алардын пикирлешүү маданиятына, ой жүгүртүү чабытына, кебинин курчтугуна, таамайлыгына окуучулардын назарын бурдуруу менен каармандар пайдаланган кеп байлыктарын колдонуп, сүйлөмдөрдү түздүрүү менен талдоо, кырдаалдарды аткарууда пайдаланууга сунуш кылуу аркылуу акырындап, тил байлыгына болгон мамилени өзгөртүүбүз негизги милдеттерден. Муну ар бир мугалим сезе билүүсү шарт.

Түп нускадагы көркөм чыгарманы окуу эң сонун көрүнүш. Мейли шаарда, мейли айылда болсун ар бир үйдө түрдүү китептер болгону мактоого арзыйт. А бирок, ар бир үйдө көркөм китептер кайсы бир себептерден улам жок болушу да мүмкүн. Изденип, китепканаларга барып, китеп сураган, интернеттен электрондук китептерди тапкан аракетчил окуучу болушу мүмкүн. Ар бир окуучу китепти сүйүп, андан акыл издей бербегендиктен, окуу китептери талапка ылайык, чынында эле «акылдуу китеп» болуп чыгарылганы мугалимге да, окуучуга да жеңилдиктерди алып келер эле. Драмалык чыгармалар окуу китебинде спектаклдин коюлушу шилтемеде берилип, театралдык сынчылардын пикирлеринин ток этер жерлери, жок дегенде актердун мыкты аткаруусунан фрагменттер, сүрөттөр, чыгармачылыкка шыктандырган суроолору менен берилгени дурус болмок. Кыргыз тилинде мультимедиалык ачык электрондук материалдар топтоштурулса, заманбап билим берүүгө кадам таштамакпыз. Ар бир мугалим изденип, чыгармачылыгын көрсөтүп, тажрыйба топтогонго жылдар кеткенин эске алсак, жаңы эле жогорку окуу жайын бүтүргөн мугалимге «эмне кылсаң, өзүң бил» дегенден башка жардамыбыз жок болуп жатат. Балким, ошол себептерден улам, «окуп айтып бергиле», «көчүрүп жазгыла» деп окуучуларды кыйнаган мугалимдер болбос беле. Көчүргөндөн колу талып, китеп окугусу келбеген окуучулар кайдыгерликтен арылар беле.

Педагогикалык ишмердүүлүктүн табияты татаал жана көп кырдуу. Биринчиден, ал педагогикалык процесске таасир эткен көптөгөн объективдүү жана субъективдүү факторлорго, жетекчиликке алууга мүмкүн болгон жана мүмкүн болбогон шарттарга, ошондой эле, билим-тарбия берүүнүн маселелерин чечүүдөгү өзгөчөлөнгөн кылдат механизмдеринин кайталангыс айкаштарын табууга, көптөгөн каражаттарга жана шарттарга байланыштуу аныкталат. Экинчиден, педагогикалык процесс объективдүү мыйзамдарга баш иет, алар эске алынбаса, мугалим ишенимдүү ийгиликке жете албайт. Ошондуктан мугалим билим жана тарбия берүүдөгү негизги мыйзам-ченемдүүлүктөрдү билүүсү жана педагогикалык ой жүгүртүүсүн өркүндөтүүсү мааниге ээ. Үчүнчүдөн, педагогикалык процесс өтө кыймылдуу, динамикалуу, диалектикалуу, педагогиканын бардык «купуя сырларын» өздөштүрө калууга мүмкүн эмес. Окутуу-тарбия берүүнүн милдеттерин чыгармачыл, кеңири ой жүгүртө алган, педагогикалык илимдин методологиясын жакшы өздөштүргөн мугалим гана чече алат. Окутуунун методологиясы илимий билим тармагы, анда биринчи кезекте, методологиялык көз караштан конкреттүү илимий билимге даректүү багытталган педагогиканын мыйзам-ченемдүүлүктөрү жана өзгөчөлүктөрү аныкталат.

Методология – ишмердүүлүктүн курамы, түзүлүшү, логикалык уюштурулушу, методдору жана ыкмалары, илимдин методологиясы – илимий таанып-билүүнүн

принциптери, формалары жана каражаттарын окутуу. Методологияда педагогикалык теориянын негиздери жана курамы тууралуу билимдердин системасы, педагогикалык кубулуш менен процесстерди изилдөөнүн жолдорун көрсөтүү, билим алуу ыкмалары, коом менен бирге өзгөрүлгөн жана өнүккөн педагогикалык чындыктын туура чагылдырылышы тастыкталат.

Заманбап илим таанууда методология деп, илимий таанып-билүүнүн ыкмалары, формалары, түзүлүшүнүн принциптери түшүнүлөт. Методология изилдөөнүн компоненттерине мүнөздөмө берет – анын объектисин, анализдөө предметин, изилдөөнүн милдеттеринин чечилишине зарыл болгон изилдөө каражаттарынын жыйындысы. Ал изилдөө маселелеринин чечүү процессиндеги аракеттердин үзгүлтүксүздүгүн калыптандырат. Мына ошондуктан, методологияны педагогикалык таанып-билүүдөгү жана чындыктын кайра түзүлүшүнүн, теориялык жоболордун жыйындысы катары кароо зарыл.

Илимий методология салттуу түшүнүүдө – илимий ишмердүүлүктүн методдору жана аракеттери тууралуу окуу, ошондой эле таанып-билүүнүн жалпы бөлүгү.

«Методология мектепте көркөм чыгарманы талдоо жүргүзүүгө карата гана маанилүү кызмат аткарбастан, жалпы педагогикалык ишмердүүлүктү уюштурууга да өз таасирин тийгизет, тактап айтканда, методология окутуу процессиндеги бардык аракетти көз жаздымда калтырбай караштыруу аркылуу аны педагогикалык илимдердин теориялык шарттарына туура келген жолдор аркылуу чечүү максатын көздөйт жана дидактикалык, методикалык кабылдоого, өркүндөтүүгө багытталган ишмердүүлүктү толугу менен ичине алат» [2, 9-б.].

Методология кеңири маанисинде «тигил же бул жакка баруучу жол» субьекттин ишмердүүлүгүнүн ыкмасы. «Методология» термининин эки мааниси бар: илимде, саясатта, искусстводо жана башка ишмердүүлүк чөйрөсүндө колдонулган ыкмалардын жана жолдордун белгилүү системасы; бул система жөнүндөгү окуу, методдун жалпы теориясы, аракеттеги теория.

Методологиянын негизги функциясы – таанып-билүүнү жөнгө салуу же уюштуруу, же болбосо объектти практикалык кайра түзүү. Ошондуктан методология белгилүү бир эрежелердин, ыкмалардын, жолдордун, таанып-билүү нормаларынын жана аракеттеринин жыйындысына топтолот. Тигил же бул тармактагы ишкердүүлүктө белгилүү ийгилик же натыйжага жетүү үчүн конкреттүү милдеттерди чечүүгө багыттай турган алдын ала сунуштардын, принциптердин, талаптардын системасы. Ал чындыкка жетишүүдө күчтү жана убакытты үнөмдөп, максатка кыска жол менен жетүүгө мүмкүнчүлүк түзүшү зарыл. Иштелип чыккан методология таанып-билүүчү субъектти жана аракеттин жолун ката кетирүүдөн алыстатып, жетелеген компас катары кызмат кылышы керек.

Методология теориялык жана практикалык ишмердүүлүктүн түзүлүшү жана аны уюштуруунун ыкмалары менен принциптеринин системасы, ошондой эле, бул система тууралуу окуу. Педагогикалык изилдөөнүн методологиясы – педагогикалык изилдөөлөрдүн принциптери, түзүлүшү, формасы жана жолдору тууралуу окуу. Бардык методология үзгүлтүксүз жана нормативдүүлүк кызматын аткарат. Окумуштуу Э.Г.Юдин методологиялык билимдер дескриптивдүү (сүрөттөөчү – изилдөө процессине багыт катары) же прескриптивдүү (нормативдүү – ишмердүүлүктү жүзөгө ашырат), башкача айтканда, ишмердүүлүккө түз көрсөтмө берүү, алдын ала сунуш кылуу аркылуу ишке ашарын айткан.

Таанып-билүү тажрыйбадан (практикадан) өсүп чыгат, бирок чындыкка ээ болуу үчүн тажрыйбага багыт алат. «Практикадан – теорияга, теориядан – практикага – аракеттен – ой

жүгүртүүгө – ой жүгүртүүдөн – чындыкка» – бул теориялык жана эмпирикалык таасирлердин жалпы мыйзам-ченемдүүлүгү, чексиз процесс.

Методологиялык билимдердин курамын Э.Г.Юдин [5] төрт деңгээлге бөлгөн: философиялык, жалпы илимий, конкретүү-илимий, технологиялык.

Биринчи деңгээл – методологиянын философиялык деңгээли: таанып-билүүнүн жалпы принциптери жана жалпы илимдеги категориялардын тизмеси түзөт. Экинчи деңгээл – жалпы илимий методология – көпчүлүк илимий дисциплиналарда же бардык илимде колдонулган теориялык концепциялардан түзүлөт. Үчүнчү деңгээл – конкреттүү илимий методология, тигил же бул илимде колдонулган изилдөөнүн принциптери, методдору жана кадамдары. Конкреттүү илимдин методологиясы илимий таанып-билүүдө өзгөчөлөнгөн проблемалар менен катар, методологиянын жогорку деңгээлдеринде келип чыгуучу изилдөөлөрдөгү системалуу жана моделдөө проблемаларын да өзүнө камтыйт. Төртүнчү деңгээл – технологиялык методология, ал изилдөөнүн методикасы жана техникасы, башкача айтканда, эмпирикалык материалды ишенимдүү алууну камсыз кылган иш-аракеттер, аларды алгачкы иштеп чыгуу, андан кийин гана ал илимий билимдердин ичине сүңгүп кире алат.

Тарыхый жактан алганда, методология проблемалары философия тармагында иштелип чыккан. Бүгүнкү күндө ар түрдүү адам таануу илимдеринин методологиясы катары пайдаланылган: экзистенциализм, прагматизм, диалектикалык материализм, неотомизм, неопозитивизм ж.б. философиялык багыттары бар.

Экзистенциализм – жашоо философиясы, адамдын өзүнүн дүйнөдөгү жашоо тиричилиги. Экзистенциализмдин негизи түшүнүгү – жашоо-тиричилик – адамдын жекече жашоосу. Адамдын өзүмдүк «менине» сүңгүп кириши. Экзистенциалисттер заманбап дүйнөдө инсан өзгөрүлүп, калыбынан бузулгандыгын, өз алдынчалуулугунан алыстагандыгын ырасташат. Мындан чыгуунун жолу катары, алар индивид өзүн-өзү кайра жаратуусу керек деп эсептешет. Ошондуктан мектептин максаты окуучуларды «өзүн инсан катары калыптандырууга, өзүн-өзү кайра түзүүгө үйрөтүү» болуп саналат дешет. Объективдүү билимдерди жактырбаган экзистенциалисттер мектептердеги окуу программалары жана китептерине каршы. Анткени, билимдин баалуулугу конкреттүү инсан үчүн маанилүү, ошондуктан, мугалим окуучуга өздөштүрүүдө толук эркиндик бериши керек дешет. Окуучу нерселердин жана кубулуштардын маанисин өзү аныктайт. Бул жерде аң-сезим эмес, сезип-туюу, кыялдануу, ишенич алдыңкы орунда. Экзистенциализм окутуунун өз алдынчалуулугун колдойт.

Баса белгилей кетүүчү нерсе, драмалык чыгармалардын табияты да көп жагынан экзистенциалисттик көз карашка туура келет. Драмалык чыгармаларды театрдан көрүп жаткан учурда, драматург, мугалим дагы жеке окуучунун көрүп, угуп, туюп-сезип жаткан ички сезимдерине кийлигише албайт. Окуучуга толук эркиндик берилген. Ар бир окуучу драмадагы окуяларга, андагы көтөрүлгөн проблемага, каармандардын образдарына, актердук чеберчиликке ж.б. өз алдынча баа бере алат. Демек, эркин ой жүгүртүү процесси жүрөт. Ал эми, М.Байжиевдин «Төрт адам» драмасында экзистенциалисттик көз караш Назинин образынан байкалат. Нази жаңылды, ошол бойдон калбай, турмушта башка жолду тандашы, өзүн инсан катары кайра жаратууга умтулушунан көрүнөт. Бул өзгөрүүгө автор тарабынан кылдат гана түрткү-жагдай берилген. Азиздин образы аркылуу «сен андай жаша, мындай жаша», «туура кылдың, мунуң туура эмес» деген айыптоо же акыл-насаат үйрөтүү болгон жок. Нази өзүнүн, Азиздин, Искендердин башынан кечирген турмушунан жыйынтык чыгарып, башка адамга айланды. Дагы бир айырмаланган көрүнүш Назинин образынын

«мен» деп берилиши да, жеке инсандын өздүк «менин» табуу жолунда экендигинен кабар берет.

Карама-каршылыктардын күрөшү драмалык чыгармалардын өзөгүн түзөт, анын чагылдырган маселеси коом, инсандык мамилелер.

Кийинки деңгээл – жалпы илимий деңгээл. Анын негизин көпчүлүк илимдерде колдонулган илимий жолдор, концепциялар түзөт.

Методологиянын жалпы илимий деңгээли жашоонун кубулуштарын система катары кароого багыт берет.

Системалуу жолдун маңызы, салыштырмалуу өз алдынча компоненттер өз-өзүнчө эмес, биримдикте, кыймылдуу өнүгүүдө каралат. Системанын бир компоненти өзгөрүлсө, бардык системага таасири тиет.

Инсандын өнүгүүсүндө чечүүчү шарт жана каражат негизги орунда. Бул факт педагогикалык изилдөөдө жана практикада инсандын жана ишмердүүлүгүн ишке ашыруунун зарылдыгын шарттайт. Бул, өз кезегинде, диалог жолун пайдаланууну талап кылат. Ал адамдын ишмердүүлүгүнөн алда канча бай жан дүйнөсүнүн ар түрдүүлүгүнөн жана татаалдыгынан келип чыгат. Диалог жолу адамдын позитивдүү потенциалына, чексиз чыгармачылык мүмкүнчүлүгүнө, дайыма өнүгүп жана өзүн-өзү өркүндөтүшүнө негизделген. Инсандын активдүүлүгү, анын керектөөлөрү өзүн өркүндөтүүдөн бөлүнүп каралган эмес. Алар башка адамдар менен мамиле кылганда, диалог принцибинде ишке ашат. Диалог жолу инсандык жана ишмердүүлүктүн биримдигинде гана гумандуу педагогиканын методологиясын түзөт.

Жогоруда аталган методологиялык принциптер культурологиялык жолдор менен бирге ишке ашат. Маданият бул жерде адам ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлөнгөн ыкмасы катары түшүнүлөт. Ишмердүүлүктүн универсалдуу мүнөздөмөсүнө ээ болуу менен, өз кезегинде социалдык гумандуулуктун багытын, баалуулуктардын типологиялык өзгөчөлүктөрүн жана натыйжасын аныктайт.

Окуучу конкреттүү социомаданий чөйрөдө жашайт, окуйт жана белгилүү этноско таандык. Ушуга байланыштуу культурологиялык жол этнопедагогикалык жолго өтөт. Мындай өткөөлдө бирдиктүү жалпы адамзаттык, улуттук, өз алдынчалуулук келип чыгат.

Кайрадан жаңырып келе жаткан антропологиялык жол тарбиялоонун предмети катары адам тууралуу бардык илимдерди системалуу пайдаланууну түшүндүрөт.

Аталган методологиялык жолдор билим берүүдөгү проблемалардын жыйындысын бүтүндөй жана диалектикалык биримдикте ачууга өбөлгө түзөт.

Методологиянын үчүнчү деңгээли – конкреттүү-илимий деңгээл – тигил же бул илимде пайдаланылган изилдөөнүн методдорунун, принциптеринин жана кадамдарынын жыйындысы.

Конкреттүү илимдин методологиясы каралып жаткан тармакка тиешелүү илимий таанып-билүүгө мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү, методологиянын жогорку деңгээлдеринде келип чыккан маселелерди, мисалы, педагогикалык изилдөөлөрдөгү моделдөө же системалуу жолдордун проблемаларын ичине камтыйт.

Методологиянын технологиялык деңгээлин изилдөөнүн методикасы жана техникасы түзөт, башкача айтканда, эмпирикалык далилдүү натыйжаларды жана илимий билимге таандык иштелмелерди камсыз кылат. Бул деңгээлде методологиялык билим нормативдүү мүнөзгө ээ болот.

Методология илимий изилдөө жана практикалык ишмердүүлүктү кандайча ишке

ашыруунун жолдорун көрсөтөт.

Педагогикалык изилдөөлөрдүн багыты боюнча фактылар жана кубулуштар төмөнкүчө кездешет: фундаменталдык – жетишкен натыйжалар жалпыланган концепцияда, анда педагогикада жетишилген ийгиликтердин теориялык жана практикалык жыйынтыгы чыгарылат же педагогикалык системанын өнүгүшүнүн моделин алдын ала сунуш кылат; прикладдык – педагогикалык процесстин бир тарабына тереңдетилген багытта иш жүргүзүү, педагогикалык тажрыйбанын ар тараптуу мыйзам-ченемдүүлүктөрүн ачуу; мурдатан белгилүү болгон теориялык жоболорду эске алуу менен конкреттүү илимий-практикалык сунуштарды негиздөөгө багытталган иштелип чыккан үлгүлөр.

Демек, окутуу бардык илимдер менен жуурулушуп: этика, эстетика, маданият таануу, философия, тарых, педагогика, логика, психология жана башка илимдер менен органикалык бүтүндүккө келгенде гана, ошонун баардыгын мугалим кесиптик деңгээли, көркөм чеберчилик ишмердүүлүгү менен айкалыштырганда, ойлогон аракетин класста практикада пайдаланганда гана ишке ашары маалым. Мисалы, билим берүүнү жалгыз педагогика ишке ашыра албайт. Аны философия, социология, психология, экономика жана башка илимдер менен биргеликте ишке ашырат.

Адам өмүрүнүн бардык мезгилинде анын өнүгүп-өсүшүнүн фактору жана каражаты катары педагогикалык процессти өнүктүрүүнүн келечектерин, тенденцияларын, мыйзам-ченемдерин, маңызын үйрөтүүчү илим. Педагогика ушул негизде аны уюштурууда теория жана технологиясын иштеп чыгат, педагогдун ишмердүүлүгүн өркүндөтүүчү формалар менен методдорун, окуучулардын ар түрдүү ишмердүүлүктөрүнүн түрлөрүн, ошондой эле, алардын өз ара аракеттериндеги каражаттарды, ыкмаларды иштеп чыгат. Педагогиканын предмети – чыныгы бүтүндүктөгү педагогикалык процесс катары атайын социалдык институттарда (үй бүлө, билим берүү жана маданий тарбия берүүчү мекемелерде) билим берүү максаттуу багытталып уюштурулат. Педагогика илим катары теориялык жана технологиялык функцияларды органикалык бүтүндүктө ишке ашырат.

Педагогиканын теориялык кызматы үч деңгээлде ишке ашырылат:
1) сүрөттөө же түшүндүрүү – алдыңкы жана новатордук педагогикалык тажрыйба; 2) диагностикалык – педагогикалык кубулуштардын акыбалын, окуучулардын жана мугалимдин ишмердүүлүгүнүн ийгилигин жана майнаптуулугун байкоо; 3) алдын-алуу – педагогикалык эксперименталдык изилдөөлөр жана алардын негизинде иш-аракеттерди, моделдерди иштеп чыгуу.

Педагогиканын технологиялык функциясы да үч деңгээл боюнча ишке ашырылат: долбоорлоо – ылайык келген методикалык материалдарды иштеп чыгуу (окуу пландарын, программаларын, окуу китептерин, окуу куралдарын, педагогикалык сунуштарды); теориялык концепцияларды камтыган жана окуунун нормативдик же үзгүлтүксүздүгүн аныктаган педагогикалык ишмердүүлүктүн планы, анын мазмуну жана мүнөзү; кайра билим берүүчү – педагогикалык илимди өркүндөтүү жана реконструкциялоо максатында билим берүү практикасына киргизүүгө багытталган; рефлексивдүү-илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларынын окутуунун практикасына жана тарбиялоого тийгизген таасирин баалоо жана илимий теория менен практикалык ишмердүүлүктүн өз ара байланышына оңдоолорду киргизүү.

Мектепте окутулуучу адабий-теориялык түшүнүктөр жана көркөм чыгармалардын текстин, жанрларын анализдөө татаал процесс. Адабий-теориялык түшүнүктөрдү калыптандыруу ишин өркүндөтүү, окуучулардын көркөм текстти анализдөө жөндөмдөрү

менен көндүмдөрүнө байланыштуу. Мектепте көркөм текстти анализдөө, чыгармага карата көптөгөн адабият таануу ыкмаларын бириктирет, тарыхый, философиялык, теориялык, эстетикалык, лингвостилистикалык жана башка аспектилерин эске алат. Адабий чыгармаларды мектепте талдоо тарбиялоо багытын көздөйт. Жогорку класстын окуучулары анализдөөнүн жүрүшүндө сөзмөрдүк искусствонун көркөм конкреттүү чыгармасынан, ар түрдүү мүнөздөгү деңгээлдерге, ошондой эле, адабий-теориялык жалпылоолорго өтүшөт. Мектепте адабий-теориялык түшүнүктү калыптандыруунун мындан башка жолу жок. Текстке адабий анализ жүргүзүүнүн системалуу элементтерин киргизүү, чыгарманын образдуу өзгөчөлүгүн кароо окуучунун акылын жана сезимин өстүрөт. Адабият тарыхын жана теориясын жаңы билим алуунун ачкычы катары кароо, ой жүгүртүүнүн таасир берүүчү касиетин өнүктүрөт, конкреттүү жана теориялык, образдык жана таасир этүү сапаттарын бириктирүүнү камсыз кылат.

Драмада автордук мүнөздөмө берилбейт, портреттик сүрөттөө жок, драмалык чыгармалар адамдын чыныгы жашоосу сымал берилет. Ошондуктан окутуунун жолдорун издөөдө бөтөнчө адабий тек катары драмалык чыгармалардын өзгөчөлүктөрү менен тааныштырсак, экинчи жагынан, окутулуп жаткан чыгармалар театр сахнасына коюуга арналган чыгарма болгондуктан, окурманга терең ой жүгүртүүнү талап кыларын окуучуларга түшүндүрүүгө тийишпиз.

Адабияттын өзгөчө теги болгон драманы окутуунун методикасы чыгармалардын өз алдынчалуулугун жана оригиналдуулугун түшүнүүгө көмөк берет, аны терең талдап кабыл алууга өбөлгө түзөт.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Батаканова С.Т. Мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздери: монография / С.Т.Батаканова. – Б.: Кут бер, 2010. – 287 б.
2. Иманалиев К.И. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. – Ф.: Мектеп, 1970, – 230 б.
3. Ишекеев Н.И. Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы. – Б., 1994. – 388 б.
4. Рысбаев С. Балдарыбыздын келечегине ким күйөт? // «Шоокум» журналы. – Б., – №5 (10) Бугу, 2007, – 12-13-бб.
5. Юдин Э.Г. Системный подход и принципы деятельности. – М.: Наука, 1978. – 391 с.



УДК 373.3
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-193-199



**Усманова Ш. А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Усманова Ш. А.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**Usmanova Sh. A.**
KNU J. Balasagyn


## ДИДАКТИКАЛЫК ОЮН ЭТИКА САБАКТЫНДА ҮЙРӨНҮҮ КАРАЖАТЫ КАРАТА
## ДИДАКТИЧЕСКАЯ ИГРА КАК СРЕДСТВО ОБУЧЕНИЯ НА УРОКАХ ЭТИКИ